*"Грин Телеком Сервис" ЖЧКын*
*2026- жылдын 18- мартынын №51 Буйругу менен*
*бекитилди жана колдонууга киргизилди*

**«Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын**
**терминалдык тармагын колдонууга кошулуу келишимин түзүү жөнүндө сунуш**
**ЖАЛПЫГА АЧЫК ОФЕРТА**

Бул Жалпыга ачык оферта (мындан ары - «Оферта») текстте **«Тутумдун Оператору»** деп атала турган «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелеген коомунун текстте **«Төлөөчү»** деп атала турган иш-аракетке жөндөмдүү жеке жак менен **«Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын терминалдык тармагын** (мындан ары – **«Тутум»**) колдонуу аркылуу башка жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызматтарды бул Офертада белгиленген шарттарга ылайык көрсөтүү жөнүндө келишим түзүү боюнча расмий жалпыга ачык сунушу болуп саналат.

Кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим (мындан ары - **«Келишим»**) Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-беренесине ылайык Төлөөчү тарабынан бул Офертада белгиленген жана Төлөөчү Офертанын бардык шарттарын эч бир чектөөсүз жана кошулуу шарттарынан баш тартуусуз толук жана милдеттүү кабыл алганын (акцепт) тушүндүргөн кыймыл-аракеттерди аткарган учурдан тартып түзүлдү жана күчкө ээ болду деп эсептелет. Бул Офертада баяндалган шарттарга кошулуу боюнча иш-аракеттерди аткаруу менен Төлөөчү өзүнүн укукка жана иш-аракетке жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле Тутумдун Оператору менен келишимдик мамилелерди түзүү боюнча мыйзамдуу укукка ээ болуп, эч кандай чектөө жок экенин тастыктайт. Төлөөчү Офертанын шарттарын Офертага толук кошулуу жолу менен гана кабыл алат.

Келишимдин мөөнөтү чексиз.

Төлөөчү *799 (О!), +996702000799 телефондоруна чалып же алдын ала dengi@dengi.kg электрондук почтасына сурам жөнөтүү менен электрондук почта аркылуу кошумча маалымат ала алат.

## 1. Жалпы жоболор

### 1.1. Терминдер жана аныктамалар:

**Кызматтар** – Тутумдун операторунун төлөм тутуму аркылуу Сатуучулардын пайдасына жеке ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болбогон товарлар менен кызматтар үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча көрсөтүлгөн кызматтар.

**Төлөм тутуму (Тутум)** – технологиялардын, процедуралардын, эрежелердин, төлөм инструменттеринин өз ара байланыштуу тутуму, анын ичинде тутумдун катышуучуларынын ортосунда акча жүгүртүмүн камсыздоочу терминалдык тармак, программалык камсыздоо.

**Төлөм** – Төлөөчү тарабынан кызматтарды, иштерди, товарларды төлөө боюнча милдеттерин аткаруу максатында Сатуучунун пайдасына ишке ашырылган акча каражаттарын өткөрүү иш-аракети.

**Байланыш оператору** — өзүнө таандык кыймылдуу электр байланыш түйүнүн иштеткен жана кыймылдуу радиотелефондук байланыш кызматтарын көрсөткөн юридикалык жак же физикалык жак.

**Төлөөчү** – Тутумдун оператору менен өзүнүн атынан же юридикалык жактын атынан Келишимге кошулуу жолу менен Келишим түзгөн жана Сатуучунун алдында өзүнүн жана/же юридикалык жактын акчага байланыштуу милдеттерин аткаруу максатында Тутумду колдонуу укугуна ээ иш-аракетке жөндөмдүү жак.

**Сатуучу -** Төлөөчүлөрдүн салыктарды, жыйымдарды жана төлөмдөрдү төлөөгө багытталган акча каражаттарын кабыл алуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, коммуналдык ишканалар жана бюджеттик уюмдар, ошондой эле Төлөөчү пайдасына Төлөмдөрдү аткарган юридикалык жактар же жеке ишкерлер.

**Төлөөгө буйрутма** – ТөлөөчүнүнТөлөм аткаруу үчүн так билдирилген жана тийиштүү түрдө жолжоболоштурулган тапшырмасы.

**«Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын терминалдык тармагы** – «О! Деньги» төлөм тутумунун Тутумдун оператору, Төлөөчүлөр жана Сатуучулардын ортосунда маалыматтык жана технологиялык өз ара аракеттешүүнү камсыздоочу бөлүгү.

**Тариф -** Тутумдун Операторунун Бул Келишим боюнча өз милдеттерин аткаруусуна байланышкан Тутумдун Операторунун же анын агенттеринин/субагенттеринин чыгымдарынын ордун толтуруу жана/же сыйлоо катарында кошумча алынган акча каражаттарынын белгилүү бир суммасы.

**Төлөм терминалы –** Төлөөчүлөрдөн акча каражаттарын кабыл алууга арналган, ыйгарым укуктуу жактын катышуусу жок эле автоматтык режимде иштеген түзүлүш.

**Кайрым** – Төлөөчү тарабынан Төлөм терминалына салынган накталай акчалардын суммасы менен Төлөөчү тарабынан Оператордун тарифтерин эске алуу менен аткарылган Төлөмдүн суммасынын ортосундагы айырманы түзгөн акча каражаттары.

**Ишке ашпай калган төлөм** – Төлөөчү тарабынан демилгеленген, аягына чыкпай калган жана анын натыйжасында акча каражаттары Жабдуучуга чегерилбей калган төлөм, анын ичинде Тутумдун Операторунун күнөөсүнөн болбогон техникалык үзгүлтүктүн себептеринен, ошондой эле төлөм тутумунун иштебей калышынан, операциянын токтотулушунан же Тутумдун Операторуна көз каранды болбогон башка жагдайлардан улам аягына чыкпай калган жана анын натыйжасында акча каражаттары Жабдуучуга чегерилбей калган төлөм.

1.2. Төлөм терминалынын интерфейсинин бир бөлүгүн түзгөн графикалык сүрөттөргө болгон бардык укуктар Тутумдун операторуна жана/же анын өнөктөштөрүнө таандык.

1.3. Материалдарды басып чыгаруу, ар кандай формада кайра өндүрүү Тутумдун Операторунан алдын-ала алынган уруксаттын негизинде гана ишке ашырылышы мүмкүн.

**2. Келишимдин предмети**

2.1 Бул Келишим Тутумдун оператору тарабынан Төлөм терминалдарын жана Төлөм тутумун колдонуу менен кызматтардын көрсөтүлүшүнүн шарттарын жана тартибин аныктайт.

**3. Кызматтардын баасы жана төлөө тартиби**

3.1. Төлөөчү менен эсептешүүлөр Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы – сом менен жүргүзүлөт.

3.2. Тутумдун операторунун кызматтарынын баасы Тарифтер менен белгиленет. Тарифтердин өлчөмү Төлөм терминалынын экранында Төлөөчү Төлөмдү ишке ашыруу үчүн акча каражаттарын салганга чейин көрсөтүлөт.

3.3. Тариф Төлөмдүн суммасына кошумча алынат жана кайтарылбайт.

3.4. Эгерде Төлөөчү Тариф менен макул болбосо – Төлөөгө буйрутма түзүүдөн баш тартууга укуктуу. Мында Төлөөчү аталган себеп боюнча төлөм терминалдарынан төлөмдү ишке ашыруу мүмкүн болбогондугу үчүн өзүнө жана/же башка жактарга кандайдыр бир зыяндардын ордун толтуруп берүүнү талап кыла албайт. Төлөөчү Тутумдун операторунун төлөм терминалдары аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн бардык жоопкерчиликтер менен андан келип чыгышы мүмкүн болгон кесепеттерди өз мойнуна алат. Буга байланыштуу, Төлөөчү Төлөмдү жаңылыш аткарган учурда кызмат талаптагыдай көрсөтүлдү деп эсептелет жана алынган тарифтин суммасы кайтарылбайт.

3.5. Тутумдун оператору бир жактуу тартипте Тарифтерди өзгөртүүгө (көбөйтүүгө, азайтууга), жаңыларын киргизүүгө, колдонуудагы Тарифтерди жоюуга укуктуу.

**4. Төлөмдөрдү ишке ашыруунун тартиби**

4.1. Төлөөчү төлөм терминалы аркылуу Төлөмдү ишке ашыруу үчүн Тутумдун операторуна Келишимдин шарттарына ылайык Төлөөгө буйрутма берет. Төлөөгө буйрутма түзүүдө Төлөөчү Төлөмдү аткаруу үчүн так билдирилген тапшырма (тапшырмаларды) берет, тактап айтканда:

4.1.1. Тутумдун операторуна Төлөөчүнүн акча каражаттарын колдонуу аркылуу Сатуучу менен эсептешүүлөрдү аткарууга тапшырма берет.

4.1.2. Төлөөгө буйрутма түзүү электрондук түрдө Төлөм терминалынын интерфейсиндеги реквизиттер жазыла турган тилкелерди толтуруу жолу менен ишке ашырылат жана акча каражаттарын киргизип, «Улантуу» баскычын баскандан же болбосо Тутумдун оператору тарабынан көрсөтүлгөн башка аракеттерди аткаргандан кийин аяктайт. Аталган баскычты басуу же Тутумдун оператору тарабынан көрсөтүлгөн башка аракеттерди аткаруу Төлөөчүнүн Төлөөгө буйрутманы жана Буйрутманын, Төлөмдүн, Тарифтин жана төлөө ыкмасынын бардык шарттарын аткарууга макулдугун билдирет.

4.2. Төлөөчүнүн төлөм терминалынын интерфейсине маалыматтарды киргизүү же Тутумдун оператору тарабынан көрсөтүлгөн башка аракеттерди ишке ашыруу, ошондой эле «Улантуу» баскычын басуу же болбосо Тутумдун оператору тарабынан көрсөтүлгөн башка аракеттерди аткаруу жолу менен түзүлгөн Төлөөгө буйрутманы Тараптар Төлөөчүнүн Төлөмдү ишке ашыруу ниетинин, ошондой эле жөнөтүлгөн Төлөөгө буйрутманын аныктыгын ырастоонун талаптагыдай жана жетиштүү ыкмасы катары кабыл алынат. Айрым учурларда Тутумдун оператору кошумча идентификациялык маалыматтарды, кошумча сырсөздү киргизүүнү талап кылышы ыктымал.

4.3. Төлөм терминалы тарабынан акча каражаттары кабыл алынгандан кийин «Улантуу» баскычын басуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык өз колу менен койгон кол тамга менен барабар юридикалык кесепеттерди жаратат.

4.4. Төлөөчү тарабынан Тутумдун операторуна Төлөөгө буйрутманы же башка документти жөнөткөндөн кийин аларга өзгөртүүлөрдү киргизгендигине, Тутумдун оператору тарабынан Төлөөгө буйрутманын алынышына байланыштуу фактылар боюнча Тутумдун операторуна доомattар коюлган учурда, Төлөөчү дооматка аталган фактыларды тастыктаган тийиштүү далилдерди тиркеп көрсөтүүгө милдеттүү. Далилдер жетиштүү болуп, тийиштүү мүмкүндүк бар болгон учурда, Тутумдун оператору, Тутумду колдонуу менен, аталган фактыларды текшерип чыгып, коюлган доомattардын негиздүүлүгү боюнча чечим чыгарат.

4.5. Төлөөчүнүн Төлөөгө буйрутмасы Тутумдун оператору тарабынан төмөнкү учурларда аткарылбашы мүмкүн:

4.5.1. Төлөөчүнүн бул Келишимдин 5-бөлүмүндө белгиленген чектөөлөрдү сактабашы.

4.5.2. Байланыштын жоктугу же Сатуучудан жооп келбеши, же болбосо Тутумдун операторунда жана/же Сатуучуда жана/же Байланыш операторунда сурам жиберилген кызматты көрсөтүү үчүн техникалык мүмкүндүктүн жоктугу.

4.5.3. Сатуучунун Төлөөчү төлөй турган кызматтарды көрсөтүү мүмкүндүгүнүн жоктугу;

4.5.4. Тутумдун операторунда уруксат берилбеген Төлөөгө буйрутма жиберүү тобокелдиги бар экендигине байланыштуу негиздин жаралышы.

4.5.5. Төлөм тутуму жана/же Тутумдун оператору жана/же Байланыш оператору жана/же Сатуучу менен байланыштын жоктугу. Мында мүмкүнчүлүк бар болсо, Төлөөгө буйрутма (буйрутмалар) байланыштын же интернеттин жоктугу менен байланыштуу көйгөйлөр жоюлган соң, Төлөөчү тарабынан Төлөөгө буйрутма кайра жиберилбестен аткарылат.

4.6. Тутумдун оператору тарабынан Төлөм тутумунда Төлөм өткөрүлгөн соң, Тутумдун оператору Төлөөчүдөн Сатуучунун пайдасына Төлөөгө буйрутманы ишке ашыруу боюнча милдеттерин толугу менен аткарды деп эсептелет. Мында акча каражаттарын Төлөөчүнүн өздүк эсептерине киргизүү Сатуучунун тутумунда тийиштүү ырастоолор бар болсо, убактылуу кечигүү менен аткарылышы мүмкүн.

4.7. Акча каражаттарын кайтаруу же Төлөмдү коррекциялоо төмөнкү шарттар болгон учурда Төлөөчүнүн талаптагыдай жолжоболоштурулган доомatынын негизинде ишке ашат:

4.7.1. Эгер Сатуучунун тутумунда же Сатуучу менен келишимде кайтаруу мүмкүндүгү жөнүндө шарт каралган болсо, Төлөөчү Сатуучунун кызматтарынан баш тарткан учурда . Сатуучу тарабынан акча каражаттарынын кайтарылышы Төлөөчү Сатуучуга түздөн-түз кайрылган учурда мүмкүн. Төлөөчүгө акча каражаттарын кайтарып берүүнүн тартиби менен жолдорун Сатуучу жана Төлөөчү өз алдынча белгилешет. Акча каражаттарынын кайтарылып берилбешине байланыштуу келип чыккан талаш-тартыштар Төлөөчү менен Сатуучунун ортосунда, Тутумдун операторун катыштырбастан чечилүүгө тийиш. Бирок, Тутумдун оператору Төлөөчүгө акча каражаттарын кайтарып алууга колунан келген жардамды көрсөтүүгө, жана Сатуучу менен мындай макулдашуу болгон учурда Сатуучунун каражаттарынын эсебинен жана анын тапшырмасы боюнча акча каражаттарын кайтарып берүүнү ишке ашырууга укуктуу;

4.7.2. Жокко чыгарылган (жаңылыш) Төлөмдөрдүн суммасын кайтаруу жаңылыштык менен же техникалык катадан улам мурда аткарылган Төлөмдү жокко чыгарууга

байланыштуу Тутумдун операторунун же Тутумдун башка Катышуучусунун демилгеси менен ишке ашырылышы мүмкүн;

4.7.3. Тутумдун оператору менен байланышпаган ар кандай себептерден, анын ичинде Сатуучуга акча каражаттарын берүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан же болбосо Сатуучунун аларды алуудан баш тартуусунан улам Тутумдун оператору тарабынан ийгиликсиз деп табылган Төлөмдөрдү кайтаруу.

4.8. Кардардын дооматын карап чыгуу мөөнөтү доомат Тутумдун оператору тарабынан кабыл алынган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күнүнөн 10 (он) жумуш күнүнө чейинки мезгилди түзөт.

4.9. Акча каражаттарын Төлөм катары салгандан жана Сатуучу тарабынан тутумуна киргизилгенден кийин Тутумдун оператору аларды кайтарып берүү боюнча төлөөчүнүн талабын аткара албайт.

**5. Тутумду колдонууга карата чектөөлөр (өзгөчөлүктөр)**

5.1. Келишимдин бул 5-бөлүмүндө тизмектелген Тутумду колдонуудагы чектөөлөр (өзгөчөлүктөр) Кызматтарды талаптагыдай көрсөтпөө жагдайлары болуп саналбайт жана Төлөөчүнүн Тарифти төлөөдөн баш тартуусу жана/же зыяндардын ордун толтуруу жөнүндө талап коюусу үчүн негиз боло албайт.

5.2. Пайдасына Төлөмдөр кабыл алынган Сатуучулардын тизмеси жана Төлөмдөрдүн лимиттери Төлөөчүнүн идентификация процессинен өтүп-өтпөөсүнөн көз каранды болушу мүмкүн.

5.3. Тутумдун оператору Төлөөчүнүн шектүү иш-аракеттеринин, анын ичинде кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Келишимдин шарттарын бузушуна карата убактылуу же туруктуу күмөн саноолорунун негизинде Сатуучулардын тизмесин же Төлөөчүгө Кызмат көрсөтүүнү чектеп коюу укугуна ээ.

5.4. Оператор айрым Төлөөчүлөрдүн, Сатуучулардын пайдасына же Сатуучулардын Кызматтарынын айрым түрлөрүнө карата бир жолку Төлөмдүн максималдуу суммасын, ошондой эле суткасына жана/же айына аткарылуучу Төлөмдөрдүн жалпы суммасын жеке чечими боюнча азайтууга укуктуу.

5.5. Кызмат көрсөтүүлөрдү алуу процессинде келип чыккан кайрым (мындан ары – «Кайрым») тиешелүү транзакцияны жүзөгө ашыруу учурунда Төлөөчү тарабынан көрсөтүлгөн реквизиттерге чегерилүүгө тийиш. Кайрым аны берүү мүмкүнчүлүгү белгиленген тарифтерде каралган Кызмат көрсөтүүлөр боюнча гана берилет.
Төлөм ишке ашпай калган учурда же Тутумдун Операторуна көз каранды болбогон жагдайлардан улам, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен, алуучунун эсебинин (электрондук капчыгынын) өчүрүлүшүнөн же жеткиликсиз болушунан улам Төлөөчү тарабынан көрсөтүлгөн реквизиттерге Кайрымды чегерүү мүмкүн болбогон учурда, Төлөөчү ал транзакция боюнча дүмүрчөк берилген шартта жана тиешелүү транзакция ишке ашырылган күндөн тартып 3 (үч) календардык жылдын ичинде Кайрымды кайтарып берүү жөнүндө талап менен Тутумдун Операторуна кайрылууга укуктуу.
Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин Тутумдун Оператору Төлөөчүгө Кайрымды кайтарып берүү жөнүндө талапты канааттандыруудан баш тартууга укуктуу, бул учурда мындай талаптар токтотулду деп эсептелет.

5.6. Техникалык мүнөздөмөлөрүнө жараша Төлөм терминалы кайрым бербеши жана кабыл алынган акча каражаттарын кайтарбашы ыктымал.

**6. Тараптардын укуктары жана милдеттери**

6.1. Төлөөчүнүн милдеттери:

6.1.1. Төлөөчү тарабынан маалымат берилиши талап кылынган учурларда Төлөөчү Төлөөгө буйрутманы түзүп жатып, чындыкка дал келген маалыматтарды берүүгө милдеттенет.

6.1.2. Төлөөчүнүн Тутумдун оператору менен өзүнчө келишим түзбөй туруп, Тутумдун жардамы менен ишкердин ишин аткаруусуна тыюу салынат.

6.1.3. Тутумду колдонууда Төлөөчүнүн Тутумдун программалык камсыздоосуна жана/же анын кайсы бир бөлүгүнө өз алдынча же башка жактарды тартуу менен кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүүсүнө тыюу салынат.

6.1.4. Төлөөчү Тутумду мыйзамга каршы максаттарда же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган товарлар менен кызматтарды сатып алуу үчүн колдонбоого милдеттенет.

6.2. Келишимдин алкагында Тутумдун оператору төмөнкү укуктарын сактап калат:

6.2.1. Тутумдун программалык камсыздоолорун модификациялоо.

6.2.2. Олуттуу бузулууларды, каталарды жана иштен чыгууларды аныктап чыккан учурда, ошондой эле профилактикалык иштерди жүргүзүү жана Тутумга уруксатсыз мүмкүндүк алуунун алдын алуу максатында Тутумдун иштөөсүн камсыздоочу программалык жана/же аппараттык каражаттардын иштөөсүн токтото туруу.

6.2.3. Эгерде Тутумдун оператору же тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан Төлөөчүлөрдүн шектүү финансылык операцияларды аткаруу фактысы аныкталып чыкса, бир жактуу акцептсиз тартипте тийиштүү чараларды көрүү, анын ичинде шектүү операциялардын баарын жокко чыгаруу, кээ бир операциялардын өткөрүлүшүнө тыюу салуу.

6.2.4. Эгерде Төлөөчүнүн Тутумду колдонуусу Тутумдун операторунун пикири боюнча Сатуучулардын финансылык коопсуздугуна коркунуч туудурушу мүмкүн болсо же коркунуч жаратып жатса, мүмкүндүк алууну чектөөгө техникалык зарылдык келип чыкса жана/же Төлөм тутумунда штаттык эмес абал жаралса, ликвиддүүлүк тобокелдиктери, кредиттик/тутумдук/укуктук/юридикалык тобокелдиктер/алдамчылык тобокелдиктери жана Тутумдун киберкоопсуздугуна карата коркунуч пайда болсо, Төлөөчүлөрдүн Тутумду колдонуусун алдын ала билдирүүсүз бир жактуу тартипте чектөө.

**7. Тараптардын жоопкерчилиги**

7.1. Бул Келишим боюнча милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы же таптакыр аткарбагандыгы үчүн Тараптар бул Келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык жооп беришет.

7.2. Төлөөчү Төлөөгө буйрутманы жолжоболоштуруунун, Төлөмдү ишке ашыруу үчүн зарыл болгон реквизиттердин (Төлөөчүнүн Сатуучу менен түзгөн келишиминин номери,

Төлөөчү төлөп жаткан Сатуучунун кызматынын/товарынын аталышы, Сатуучу тарабынан кызмат көрсөтүлгөн мезгил, Төлөөчүнүн өздүк эсебинин номери, Төлөмдүн суммасы ж.б.) көрсөтүлүшүнүн тууралыгы үчүн толук жооп берет.

7.3.Төлөөчү анын төлөм терминалынын интерфейсиндеги идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарын колдонуу аркылуу башка жактардын Төлөөчүнүн атынан аткарган иш-аракеттери үчүн тобокелдик жана жоопкерчилик алат.

7.4. Тутумдун оператору келип чыгуусу үчүн Тутумдун оператору күнөөлүү болбогон техникалык платформалардын жана транспорттук түйүндөрдүн же байланыш түйүндөрүнүн иштөөсүндөгү кечигүүлөр жана үзгүлтүктөр үчүн Төлөөчүнүн алдында жооп бербейт.

7.5. Төлөөчү тарабынан өзүнүн жеке маалыматтарына башка жактардын мүмкүндүк алуусунун камсыз кылынышы жана/же ачыкка чыгарылышынан улам Төлөөчүгө келтирилген зыян үчүн Тутумдун оператору жооп бербейт.

7.6. Төлөөчүгө Сатуучулар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын, товарлардын, иштердин сапаты үчүн Тутумдун оператору жооп бербейт.

**8. Келишимди түзүү тартиби жана жарамдуулук мөөнөтү**

8.1. Бул Келишим Тутумдун Оператору жана Төлөөчүнүн ортосунда кошулуу келишими формасында (Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 387-беренеси) түзүлөт.

8.2. Төлөөчү Келишимге анын шарттары менен төлөм терминалынын интерфейсинен таанышып чыккан соң, «Улантуу» баскычын басуу же Тутумдун Оператору тарабынан көрсөтүлгөн акцепт катары эсептелген иш-аракеттерди аткаруу жолу менен кошулат.

8.3. Келишимдин шарттарынын акцепти Төлөөчүнүн Келишимдин бардык шарттарын эч кандай алып салууларсыз жана/же чектөөлөрсүз толук жана сөзсүз кабыл алганын билдирет.

8.4. Келишим белгисиз мөөнөттүн ичинде жана/же Келишимдин шарттарында жана/же КР аракеттеги мыйзамдарынын ченемдеринде аныкталган негиздер боюнча бузулган учурга чейин жарамдуу.

**9. Келишимди өзгөртүү жана бузуу**

9.1. Тутумдун Оператору өзгөртүүлөрдү Төлөм терминалынын интерфейсине жарыялоо жолу менен Келишимди бир жактуу тартипте өзгөртүү укугуна ээ. Өзгөртүүлөр жарыялап жатканда кошумча башка мөөнөт каралбаган учурда, жарыяланган учурдан баштап күчүнө кирет. Төлөөчү Келишимдин шарттарынын өзгөртүлүшүнө макул болбогон учурда Тутумду колдонуудан баш тартууга укуктуу.

9.2. Келишимге өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин Төлөөчү тарабынан Тутумдун колдонулушун Тараптар бардык өзгөртүүлөр менен макул болуу катары кабыл алышат.

9.3. Келишим бул Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында белгиленген башка себептер боюнча токтотулушу мүмкүн.

**10. Жеке маалыматтар менен иштөө**

10.1. Төлөөчү тарабынан Тутумду колдонууда жана Кызматтардан пайдаланууда жеке маалыматтарын берген учурда, Төлөөчү Тутумдун операторуна Тутумдун оператору тарабынан анын жеке маалыматтарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген формада топтолушуна, иштелип чыгуусуна жана өткөрүлүшүнө макулдугун кошо берүүгө милдеттенет. Мындан тышкары, Төлөөчү Тутумдун операторуна Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык талап кылынган учурда маалыматтын өткөрүлгөндүгү тууралуу билдирүүнүн формасын өз алдынча белгилөө укугун берет. Төлөөчү өзүнүн макулдугун Тутумдун операторуна жазуу жүзүндө арыз менен кайрылуу аркылуу артка ала алат.

10.2. Тутумдун оператору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Төлөөчүлөрдүн жеке маалыматтарынын купуялуулугун сактоого, Төлөөчүлөрдүн жеке маалыматтарына мыйзамсыз же кокустан ээ болуу, аларды жок кылуу, өзгөртүү, бөгөттөө, көчүрмөлөө, башкаларга өткөрүү, жайылтуу коркунучунан жана аларга карата башка мыйзамсыз иш-аракеттерден коргоо үчүн керектүү укуктук, уюштуруу жана техникалык чараларды көрүүгө милдеттенет.

**11. Купуялуулук**

11.1. Тутумдун Оператору Төлөөчүнүн Тутумду колдонуусуна байланыштуу өзүнө белгилүү болгон маалыматтарынын купуялуулугун сактоого милдеттүү. Ал эми мындай купуялуулук маалыматтар төмөнкү мүнөзгө ээ болгон учурларда сакталбайт:

· Жалпыга жеткиликтүү болгондо;

· Төлөөчүнүн талабы же уруксатынын негизинде ачыкка чыгарылганда;

· Төлөм терминалын колдонгон учурда Төлөөчү тарабынан киргизилип жаткан маалыматтардын купуялуулугун камсыздоо боюнча чаралар көрүлбөгөн учурда;

· Тутумдун Катышуучуларына Келишимди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө берилиши керек болгон учурда;

· Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча, же кредиттик уюмдардын, соттун же ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тийиштүү сурамдарынын негизинде белгилүү болушу талап кылынганда;

· Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

· Төлөөчү Чекти башка кишилерге берүү же аны жоготуп алуу Төлөөчүнүн купуя маалыматтарынын башка кишилер тарабынан уруксатсыз колдонулушуна байланыштуу тобокелдикке жол ача тургандыгынан кабардар экенин тастыктайт.

**12. Алдамчылык**

12.1. Бул Келишимдин шарттарына таасир этүүсү мүмкүн болгон алдамчылык фактылары келип чыккан учурда, алдамчылыктын натыйжасында жаралган бардык талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

**13. Штаттык эмес абалдар**

13.1. Төлөм тутумунун/төлөм инфраструктурасынын иштөө эрежелери менен технологияларына кирбеген жана чечилиши кызматкерлердин атайын уюштурулган ишаракетин талап кылган штаттык эмес абалдар же тутумдук тобокелдиктер келип чыккан учурда, Оператор Төлөөчүлөргө төлөмдөрдү өткөрүүдө тыныгуулар болуп жаткандыгы тууралуу көйгөй жаралган мезгилден тартып 24 (жыйырма төрт) сааттын ичинде жалпыга ачык маалымат булактарына тийиштүү маалыматты жайгаштыруу жолу менен билдирүүгө милдеттүү.

13.2. Штаттык эмес абал аяктаганда Оператор Төлөөчүлөргө Тараптардын өз ара аракеттешүүсүнө байланыштуу келип чыккан көйгөйлөрдүн жоюлгандыгы тууралуу көйгөй чечилген мезгилден тартып 24 (жыйырма төрт) сааттын ичинде жалпыга ачык маалымат булактарына тийиштүү маалыматты жайгаштыруу жолу менен билдирүүгө милдеттүү.

13.3. Штаттык эмес абалдын келип чыгуу фактысына карабастан Төлөмдү аяктатуу боюнча бардык операциялар Оператор тарабынан аткарылууга тийиш.

**14. Форс-мажор**

14.1. Эгер милдеттерин аткарбоо Келишимди түзгөндөн кийин Тараптардын бири дагы алдын ала билбеген, акылга сыярлык чаралар менен алдын ала жоюу мүмкүн болбогон өзгөчө кырдаал мүнөзүндөгү окуялардын натыйжасында жеңилгис күчтүн кесепети (форс-мажор) болуп саналса, ар бир Тарап Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

14.2. Жеңилгис күчтүн таасирине кабылган Тарап көрсөтүлгөн окуялар болгон күндөн кийинки күндөн кеч эмес мезгилдин ичинде бул жөнүндө экинчи Тарапка маалымдоого милдеттүү. Мында Келишимдин иштөө мөөнөтү мындай окуялардын жарамдуу мөөнөтүнө, бирок жеңилгис күчтүн жагдайы жаралган күндөн тартып 2 (эки) айдан көп эмес мөөнөткө убактылуу токтотулат, андан кийин бул Келишим бузулду деп эсептелет, ал эми Келишим боюнча милдеттер мындай күчтүн таасири токтогондон кийин аткарылууга тийиш.